Силердин эч бириңер мен ага атасынан, баласынан, жалпы эле адамдардан сүйүктүү болмоюнча толук ыймандуу боло албайт

Анас (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мынтип айткан: "Силердин эч бириңер мен ага атасынан, баласынан, жалпы эле адамдардан сүйүктүү болмоюнча толук ыймандуу боло албайт".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мусулман киши ага болгон махабатын энесинин, атасынын, баласынын, кызынын, деги эле бардык адамдардан да жакшы көрмөйүнчө толук ыймандуу боло албастыгын бизге кабарлаган. Бул жакшы көрүү ага баш ийүү, (сүннөтүн жайылтууга) жардам берүү, ага күнөө кылууну таштоо аркылуу болот.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/5953